# АКТ

Изденүүчү Ойчуева Роза Ракманбердиевна **“Колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуунун дидактикалык негиздери”** аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (математика) адистиги боюнча жазган изилдөө ишинин биринчи текшерүүдөгү документтери.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.681 диссертациялык кеңештеги эксперттик комиссиянын курамы:

1. п.и.д., профессор Син Е. Е.;
2. п.и.д., профессор Акматкулов А. А.;
3. п.и.к., доцент Касымалиев М. У.

Илимий жетекчи: п.и.д., профессор Алиев Шаршеналы Алиевич.

Алгачкы материалдын экспертизасында Д 13.23.681 ДКине берилген изденүүчү Р. Р. Ойчуеванын документтери 2024-жылдын 22-августта текшерилди.

1. Кандидаттык диссертациянын иштелип бүтө элек варианты киришүүдөн, өткөрүлгөн изилдөөнүн материалдарынан жана методдорунан, корутундудан, тыянактардан, практикалык сунуштамалардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

2. Авторефераттын иштелип бүтө элек варианты кыргыз жана орус тилдеринде берилген. Резюмеси кыргыз, орус жана англис тилдеринде берилген.

3. Коргоого сунушталган, Ош мамлекеттик университетинин математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын бүтүмү бар (2024-жылдын 14-июнундагы № 6-протоколу).

Диссертацияны кафедрада талкуулоодо бардык талаптар сакталып, пикирлери бар: 1-рецензент – п.и.к., ОшМПУнун профессору С.М. Мадраимов, 2-рецензент – ф.-м.и.к., доцент А. З. Пирматов.

4. Колдонулган эмгектердин тизмесинде диссертациянын темасы боюнча 0, 1ден жогорку импакт-фактору бар 4 макала берилген.

5. Диссертациянын жыйынтыктарынын жайылтуу актылары берилген. Иш 3 шаардык жогорку окуу жайда өткөрүлгөн (3 жайылтуу акты берилген).

6. Кандидаттык экзамендерди тапшыргандыгы тууралуу 3 протоколу, 1 кыргыз тесттин (С1 деңгээлдеги) тастыктамасы бар.

7. Диссертациялык иштин темасынын жана илимий жетекчиси – п.и.д., профессор Алиев Шаршеналы Алиевич бекитилгендиги тууралуу 2020-жылдын 17-апрелинде Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун № 8 протоколунун көчүрмөсү берилген.

8. Илимий жетекчисинин оң пикири берилген.

Текшерүүнүнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй болду: Документтер туура. Диссертацияда жана авторефераттарда чагылдырылган изилдөөлөрдүн натыйжалары аткарылган иштердин көлөмүнө толук ылайык келет.

**КОРУТУНДУ**

Ошентип, текшерүүнүн жыйынтыгында, комиссия Ойчуева Роза Ракманбердиевна “Колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуунун дидактикалык негиздери” темасы боюнча диссертациялык ишинин баштапкы документтерин тастыктайт, чыныгы маалыматтарга ылайык туура форматталган деген корутундуга келди. Баштапкы документтер аткарылган иштин бардык көлөмүн толугу менен чагылдырат.

Текшерүүнүн жыйынтыгында комиссия баштапкы материалдардын тууралыгын тастыктайт жана изденүүчүнүн жеке салымын белгилейт.

Эксперттик комиссиянын курамы:

п.и.д., профессор Син Е. Е.

п.и.д., профессор Акматкулов А. А

п.и.к., доцент Касымалиев М. У.

Эксперттик комиссиянын курамынын колун тастыктаймын:

13.23. 681 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, п.и.к., доцент: Казиева Г. К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ